**Мурдагы жылдардын жана 2026-жылдын бүтүрүүчүлөрүн ЖРТга каттоого жол ачып берүү боюнча нускамалар (кышкы кабыл алуу үчүн)**

Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кышкы кабыл алуу контракттык негизде окутууга бөлүнгөн орундар үчүн гана өткөрүлөт.

**Жалпы республикалык тестке (кышкы кабыл алуу үчүн) кимдер катыша алат?**

- Бардык өлкөлөрдүн жарандары, мурдагы жылдардын жана 2026-жылдын бүтүрүүчүлөрү – колунда аттестаты же кесиптик орто билим алгандыгын тастыктаган диплому бар адамдар.

**ЖРТга (кышкы кабыл алуу үчүн) кимдер катыша албайт?**

- Жогорку окуу жайларынын студенттери;
- 2027-жылдын бүтүрүүчүлөрү: мектептердин 11-класстарынын же техникумдардын, колледждердин, кесиптик лицейлердин (кесиптик техникалык окуу жайларынын – КТОЖ) бүтүрүүчү курстарынын окуучулары;
- 9-10-класстардын окуучулары же техникумдардын, колледждердин, кесиптик лицейлердин бүтүрүүчү эмес курстарынын окуучулары;
- Кесиптик даярдоо, кайра окутуу жана квалификацияны жогорулатуу программаларынан өтүп, аттестатсыз квалификациялык сертификат алган кесиптик лицейлердин (КТОЖ) студенттери.

ЖРТга каттоо ББОУБдун сайтынын электрондук платформасында өткөрүлөт.

**Мурдагы жылдардын бүтүрүүчүлөрүн (МЖБ) онлайн каттоо боюнча нускамаларды кунт коюп окуп чыгыңыз.**

**Техникалык талаптар:** компьютер жана интернет болушу керек.

I. Сиз райондогу (шаардагы) ЖРТ үчүн жооптуу адамдын жеке кабинетин ачышыңыз керек. Бул үчүн Сиз ББОУБга, тагыраагы, Мээрим Кадыровага өз телефонуңуздун номерин беришиңиз керек. Сиздин телефонуңуздун номери жеке кабинетиңизге кирүү үчүн логин катары пайдаланылат. Сиздин телефонуңуздун номерин, фамилия, атыңыз, атаңыздын атын алгандан кийин ББОУБ Сизге электрондук почта же WhatsApp аркылуу жеке кабинетке кирүү үчүн пароль жөнөтөт. Эгерде Сиз өз паролуңузду унутуп калсаңыз, аны кайрадан калыбына келтирүү үчүн ББОУБга кайрылууңуз зарыл.

II. Өз жеке кабинетиңизде Сиз мурдагы жылдардын бүтүрүүчүлөрүн (МЖБ) каттоодон өткөрөсүз.

**Жеке кабинетке кирүү**

ББОУБдан платформага кирүү үчүн шилтемени жана паролду алгандан кийин, шилтеме менен жеке кабинетиңизге кирүүгө жол ачкан бетке өтөсүз (аны браузердин издөө салган жерине көчүрүп алсаңыз дагы болот). Пайда болгон терезенин жогорку тилкесине ББОУБдан алган телефон номерди териңиз. Төмөнкү тилкеге ББОУБдан алган паролду териңиз.

**«Кирүү»** деген баскычты басыңыз. Сиз жеке кабинетиңизге кирдиңиз. Экранда баскычы бар терезе пайда болот: **«МЖБга кирүү»**.

**Маанилүү:** Сиз жана мурдагы жылдардын же 2026-жылдын бүтүрүүчүлөрү киргизген маалыматтар жашыруун маалымат болуп эсептелет! Бүтүрүүчүлөрдүн маалыматтары башка адамдарга берилбешине Сиз жооптуу болосуз, ошондуктан жеке кабинетиңиздин паролун эч кимге бербеңиз!

**Мурдагы жылдардын жана 2026-жылдын бүтүрүүчүлөрүн каттоо.**

Мурдагы жылдардын бүтүрүүчүлөрү, мурда жалпы орто, баштапкы кесиптик же орто кесиптик билим алган, колунда аттестаты (диплому) бар абитуриенттер ЖРТга райондук (шаардык) билим берүү бөлүмүнөн катталышат.

> **Маанилүү маалымат:**
> **Каттоо учурунда жогорку окуу жайында окуган студенттерди ЖРТга каттоого жол берилбейт!**

- Абитуриенттин паспортунун түп нускасы бар экендигин текшериңиз;
- Аттестатынын түп нускасы бар экендигин текшериңиз;
- Абитуриенттин жүзүн паспорттогу сүрөтү менен дыкат салыштырыңыз. Аттестаты, паспорту, жүзү дал келбеген абитуриентти ЖРТга каттоого тыюу салынат.

**МЖБны каттоо үчүн (Сиз каттасаңыз же абитуриент өзү катталса дагы) төмөнкү электрондук фотосүрөттөр керек болот:**

- бүтүрүүчүнүн паспортунун түп нускасынын электрондук фотосүрөтү (туулгандыгы тууралуу күбөлүк менен каттоого тыюу салынат). Паспорттун 2 фотосүрөтү керек болот: алдынкы жана арткы бетинин. **Бул фотосүрөттөр даана, жакшы көрүнүшү керек;**
- аттестаттын (дипломдун) түп нускасынын электрондук фотосүрөтү;
- бүтүрүүчүнүн жүзүнүн электрондук фотосүрөтү (ал төмөнкү талаптарга ылайык болуусу керек):

- *фотосүрөт түстүү болушу керек (паспорттогудай);*
- *сүрөт **6 айдан ашпаган убакытта** тартылган жана абитуриенттин чыныгы (учурдагы) өң-келбетин чагылдырып турушу керек;*
- *арткы фон – ак же акка жакын, анда ашык нерселер жана көлөкөлөр болбошу керек;*
- *абитуриенттин көз карашы нейтралдуу (сүрөткө жылмайбай түшүү керек) жана табигый болушу керек. Абитуриенттин жүзүнүн өзгөчөлүктөрү жакшы байкалып, сүрөткө түшкөн учурда камераны түз карап, көздөрү жумулуп калбашы керек;*
- *көз айнек, баш кийим, шарф жана башка ашык нерселердин, жаныбарлардын сүрөттө болушуна **ТЫЮУ САЛЫНАТ**.*
- *аялдарга диний себептерден улам сүрөткө жоолукчан (хиджабчан) түшүүгө уруксат берилет, башка баш кийимдер менен түшүүгө уруксат берилбейт; Жоолук (хиджаб) менен сүрөткө түшкөндө адамдын жүзү даана чыгыш үчүн ээгинин астындагы моюнунун жогору жагы көрүнүп турушу керек; Жоолук (хиджаб) башка бекем оролушу керек;*
- *фотосүрөттө абитуриенттин бетинин айрым бөлүктөрүн жапкан бет каптар же башка коооздоочу нерселер болбошу керек;*
- *фотосүрөттөрдү оңдоого (сулуулоо, кооздоо, өзгөртүү) **КАТУУ ТЫЮУ САЛЫНАТ**.*
  *Бул талаптарды бузган учурда абитуриент ЖРТга **КАТЫША АЛБАЙТ!***
- Эгерде абитуриент жеңилдиктерге ээ болсо, анда анын жеңилдиктерин тастыктаган документтердин түп нускасынын электрондук фотосүрөтү (же сканерленген түрдө) керек.

Каттоону баштоо үчүн **«МЖБга кирүү»** деген баскычты басыңыз. Сиз керектүү бетке киресиз. Каттоо үчүн Сиз милдеттүү түрдө бүтүрүүчүнүн аттестатынын түп нускасын, паспорттун түп нускасын текшерип, абитуриенттин жүзүн паспорттогу сүрөт менен салыштырып, паспорт менен аттестаттагы фамилиясынын, атынын, атасынын атынын дал келишин салыштырууңуз керек.

Сизге жиберилген кодификатордон абитуриент аяктаган мектептин кодун таап, **«Мектептин коду»** деген тилкеге кодду териңиз. Эгерде кодификатордо бүтүрүүчү аяктаган билим берүү мекемесинин коду жок болсо, анда 9999 кодун терип жазыңыз. Ошондой эле, Сиз бул абитуриенттин телефон номерин, фамилиясын, атын, атасынын атын терип жазыңыз. **Абитуриенттин телефон номери ага жогорку окуу жайларына кирүү аяктаганга чейин керек болот, анткени ал ЖРТга каттоо үчүн логин катары гана эмес, КРдин ЖОЖдоруна тапшыруу конкурсуна катышуу үчүн дагы жеке кабинетке кирүү үчүн логин катары колдонулат.**

Аталган маалыматтарды тийиштүү тилкелерге терип киргизгенден кийин, **«МЖБга кирүүгө жол ачуу»** деген баскычты басыңыз. Ачылган жерден оң тараптын үстү жагындагы **«МЖБга кирүү»** деген баскычты басыңыз. Бул баскыч Сиздин компьютериңизде (Сиздин браузерде көрсөтүлгөн жерде) ошол абитуриенттин жеке кабинетине кирүү үчүн маалыматтары киргизилген **Excel** файлды сактап коёт. Бул файлдагы бардык маалыматтарды паролу менен бирге каттоодон өтүп жаткан абитуриентке бериңиз.

Андан ары каттоодон өтүүнүн эки жолу бар:

1. Сиз бүтүрүүчү үчүн каттоо бланкын өзүңүз толтурасыз.

2. Бүтүрүүчү каттоо бланкын өзү толтурат.

**Сиз бүтүрүүчү үчүн каттоо бланкын өзүңүз толтурасыз.**

1. Сиз **«Бланкты карап чыгуу»** деген баскычты басып, бүтүрүүчүнүн каттоо үчүн бардык керектүү тилкелерди өзүңүз толтурсаңыз болот. Бул баскычты басканда **«ЖРТга каттоо бланкы»** деген терезе пайда болот. Бул бланкты толтуруу керек.
   **«1-кадам»** – жеке маалыматтар. ФААны Сиз терип жазасыз, демек, алар бул бланкта көрүнүп турат. Андан кийин абитуриенттин жынысын белгилеп, календардын жардамы менен абитуриенттин туулган датасын киргизип, паспорттун номерин жана жеке номерди терип жазуу керек. Паспорттун номерин жана жеке номерди киргизбей туруп, кийинки кадамга өтө албайсыз.

   **«Кийинки кадам»** деген баскычты басып, абитуриенттин жашаган жеринин дарегин толтурушуңуз керек. Шаар, айыл, көчө – милдеттүү түрдө толтурулуучу тилкелер; аларды толтубай туруп, кийинки кадамга өтө албайсыз. Ушул эле жерге кошумча телефон номерин дагы толтуруп койсоңуз болот.

Бул тилкелерди толтуруп бүтүп, **«Кийинки кадам»** деген баскычты басып, абитуриент тандап алган предметтик тесттерди тандоого өтүңүз. Андан кийин абитуриент тандаган тест тапшыруу тилин белгилеңиз.

Андан соң **«Кийинки кадам»** деген баскычты басыңыз. Ачылган бетте паспорттун ***түп нускасынын*** алдынкы жана арткы жактарынын фотосүрөттөрүн жана аттестаттын ***түп нускасынын*** фотосүрөтүн жүктөшүңүз керек. Оң тарабында **«Мен жеңилдиктерге ээмин»** деген тилке бар. Ошол эле бетте «Мен жеңилдиктерге ээ болгондугумду кантип билсем болот?» деген шилтеме бар. Эгерде абитуриенттин бир же бир нече жеңилдиктери бар болсо, анда **«Мен жеңилдиктерге ээмин»** деген баскычты басып, бул жеңилдиктерди тастыктаган документтин (документтердин) ***түп нускасынын*** фотосүрөттөрүн жүктөп коюу керек. Эгерде документтердин фотосүрөттөрү жок болсо, анда Сиз кийинки кадамга өтө албайсыз. Мындай болгон учурда «Мен жеңилдиктерге ээмин» деген жердеги белгини алып коюш керек. Абитуриент бул тилкелерди кайрадан кирип толтурса болот (каттоо аяктаган учурга чейин).

**«Кийинки кадам»** деген баскычты басыңыз. Бул бетке абитуриенттин фотосүрөтүн жүктөп киргизүү керек. Фотосүрөткө коюлган талаптар жазылган, ал талаптарды сөзсүз аткаруу керек. Бул эрежелерди бузган учурда абитуриент ЖРТ тапшырууга киргизилбейт. Эгерде фотосүрөт жүктөлбөсө, анда форманы аягына чейин толтуруу мүмкүн эмес. Кененирээк маалыматты КРдин Өкмөтүнүн алдындагы МККнын сайтынан алсаңыз болот.

**«Улантуу»** деген баскычты басып, **каттоо бланкын толтурууну аяктоо** бетине киресиз. Ал жерде абитуриент каттоо үчүн төлөш керек болгон сумма көрсөтүлгөн. Бул жерде **«Жыйынтыктоо үчүн басыңыз»** деген баскычты басыш керек. Баскандан кийин Сиз киргизген маалыматтар чыгат. Ошол эле жерде **«Төлөө»** деген баскыч бар. Ушул баскычты басып, Сиз **«Төлөм жөнүндө квитанцияны кошуу»** сунушталган бетке киресиз. **«Квитанцияны кошуу»** деген баскычты басып, Сиз «Төлөө түрү (банк аркылуу)», **«Сумма»**, **«Квитанциянын номери»** деген жазуулары бар бетке киресиз. Квитанциянын номерин терип, **«Кошуу»** деген баскычты басыңыз. Пайда болгон «ЖРТга катышуу үчүн төлөмдөр» деген терезеде төлөмдүн **«Текшерилип жатат»** деген статусу пайда болот. Эгерде Сиз квитанциянын номерин туура эмес киргизип алсаңыз, анда «Төлөмдү жокко чыгаруу» деген баскычты басып, квитанциянын номерин туура терип киргизиңиз.

Каттоо төлөмүнө тиешелүү бетти «×» белгисин басып жаап, **«Формадан чыгуу»** деген баскычты басып, «Каттоо бланкынан» чыгыңыз.

**Бүтүрүүчү каттоо бланкын өз алдынча толтурат.**

2. Эгерде бүтүрүүчү каттоо бланкын өз алдынча толтура турган болсо, анда Сиз ага платформага кирүү үчүн жол ачып беришиңиз керек. Мурдагы жылдардын бүтүрүүчүлөрүнүн маалыматтарын тиешелүү тилкелерге киргизип, **«МЖБга кирүүгө жол ачуу»** деген баскычты баскандан кийин, бул бүтүрүүчүнүн маалыматтары (телефон номери жана ФААсы) Сиздин жеке кабинетиңиздин терезесинде пайда болот. Бул терезеде (оң тараптын үстү жагында) **«МЖБга кирүү жолдору»** деген баскыч бар. Бул баскычты баскан учурда система Сиздин компьютериңизде (Сиздин браузерде көрсөтүлгөн жерде) мурдагы жылдардын бүтүрүүчүлөрүнүн жеке кабинеттерине кирүү үчүн маалыматтары бар **Excel** файлды сактап коёт. Бул файлдагы бүтүрүүчүгө тиешелүү маалыматтарды (шилтеме, телефон номер жана пароль) Сиз абитуриенттин өзүнө беришиңиз керек.

**Маанилүү:** Сиз бир нече бүтүрүүчүгө кирүүгө жол ачып бергенде, бул файлда Сиз киргизген бардык бүтүрүүчүлөрдүн кирүү үчүн жолдору сакталат. Паролду ар бир жеке кабинеттин ээси гана билгени абдан маанилүү процедура болуп саналат. ***Ар бир мурдагы жылдардын жана 2026-жылдын бүтүрүүчүлөрү жөнүндө киргизилген маалыматтар жашыруун маалымат болуп эсептелип, ошол адамдын өзүнө гана берилет.***
Форманы мурдагы жылдардын бүтүрүүчүсү тарабынан толтуруу жогоруда берилген эрежелер боюнча аткарылат.